ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№7 ПРОТОКОЛУ**

*30-апрель, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 27 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. ОшМУда жарыяланган билимдин сапатын көтөрүү жылына карата факультеттеги жана кафедралардагы окуу-усулдук иштердин, окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун абалы жана аларды өркүндөтүү маселелери *(Баяндамачы: МИТФнин методикалык кеңешинин төрайымы, п.и.к., доцент Д.И. Зулпукарова);*
2. Студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы *(Баяндамачы: МИТФнин деканынын илимий иштери боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент Н.С. Беделова);*
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
**Сөзгө чыкты:**

ОшМУда жарыяланган билимдин сапатын көтөрүү жылына карата факультеттеги жана кафедралардагы окуу-усулдук иштердин, окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун абалы жана аларды өркүндөтүү маселелери боюнча методикалык кеңешинин төрайымы, п.и.к., доцент Д.И. Зулпукарованын билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**
*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* Дамира Исмаиловнанын отчетун канааттандырарлык деңгээлде деп эсептейм. Видео сабак деген эмне. Ал кандай жолго коюлган?

*Баяндамачы:* окутуучулар дисциплиналары боюнча видео сабактарды түзүп, ошол видео сабактарды студенттер колдонушат. Бул маселе боюнча доцент Б.Азимов факультеттин

методикалык кеңешмесинде баяндама жасап, видео жасоо боюнча кеңири маалыматтарды берди.

*Сопуев А. (программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: чындыгында отчетту канааттандырарлык деңгээлде деп атоого болот. Бул баяндаманын аккредитацияга даярдык экендиги көрүнүп турат. “Электронный подпись” дегенге качан өтөбүз?

*Баяндамачы:*азыркы мезгилде мамлекет боюнча электрондошууга өтүп жатабыз. Мүмкүн биздин университетибизде да колдонулуп калышы мүмкүн.

*Кудуев А.Ж. (деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент)*: окутуучуларга, улук окутуучуларга, доценттерге жана профессорлорго лекциялык, лабораториялык сааттар жобо боюнча кандай бөлүнгөн?

*Баяндамачы:* окуу жүктөмдөр ОшМУнун жобосу боюнча эле аткарылып келе жатат. Себеби бул сааттарды ОИД да текшерет.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* отчетту канаатандырарлык деңгээлде деп эсептейм. Ар бир кафедраданын мүчөлөрү НББПларды даярдап берүүсү зарыл. Ийримдердин пландарын даярдоо керек жана алардын аткарылышына кафедра жетекчилери түздөн түз жооп беришет.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. ОшМУ нун МИТ факультетиндеги “Билимдин сапатын көтөрүү жылына карата кафедралардагы окуу-усулдук иштердин, окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун абалы жана аларды өркүндөтүү маселелери” боюнча Д.И. Зулпукарованын баяндамасы жактырылсын.
2. Кафедрада окутулуп жаткан багыттарды (адистиктерди) даярдоонун НББПрын толуктап түзүү жагы каф. башчыларына милдеттендирилсин.
3. Кафедраларда бардык дисциплиналар боюнча ОМК толукталып иштелип чыксын жана анын сапатын көзөмөлгө алуу жагы МИТ факультетинин деканынын орун басары А.Кудуевге жана факультеттин Усулдук Кеңешинин төрайымы Д.И. Зулпукаровага жүктөлсүн.
4. Кафедралардагы окуу-усулдук иштердин сапатын жакшыртуу, ачык сабактарды, ара сабактарга катышууларды уюштуруп өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы фак. УКнин төрайымы Д.И. Зулпукаровага, кафедралардын усулдук кеңештеринин координаторлоруна жана факультеттин сапат боюнча координаторуна милдеттендирилсин.
5. Окутуу процессинде окутуунун жаңы технологияларын колдонууну жайылтуу жана аларды өркүндөтүү иштери кафедралардын усулдук кеңештеринин координаторлоруна, факультеттин УКнин төрайымына жүктөлсүн жана ал МИТ факультетинин деканы У.Сопуев жана декандын окуу иштери боюнча орун басары А.Кудуев тарабынан көзөмөлгө алынсын.
6. Окутуучулар тарабынан ОМКлар НББП нын ОН нын негизинде түзүлсүн жана 30-майда кайрадан факультеттин Усулдук Кеңеши тарабынан текшерүү жүргүзүлүп жыйынтыгы билдирилсин.

7. Факультетте окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун жобосу иштелип чыксын.

**2-маселе:** Студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы

**Угулду:**

Студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы боюнча декандын илимий иштери боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент Н.С. Беделова билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* негизинен олимпиадалардын жыйынтыгы жогорку деңгээлде. Бирок, математика дисциплинасы боюнча профилден жана профиль эместен жакшы орундарга жетпей калдык. Ошол боюнча жооптуу кафедралар жана кафедра башчылары иштешиниздер керек.

Экинчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т**

1. МИТ факультетиндеги декандын илимий иштери боюнча орун басары, доцент Н.С. Беделованын олимпиада боюнча баяндамасы эске алынсын;

2. Аталган факультеттеги студенттерди олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши сентябрь айынан баштап системалуу иштөөсү күчөтүлсүн (жооптуулар: ийримдин жетекчилери);

3. Студенттерди олимпиадага даярдоо үчүн ар бир окутуучу жакындан жардам берүүсү милдеттендирилсин (жооптуулар: кафедра башчылары);

3. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын илимий иштери боюнча орун басары Н.С. Беделовага жүктөлсүн.

**3-маселе:** Ар түрдүү маселелер

а) 2019-2020-окуу жылы үчүн МИТ факультетинин колледж, бакалавр жана магистрдик программалары боюнча тандоо курстарын бекитип берүү сунушу боюнча

**Угулду:** МИТ факультетинин деканы ф.-м.и.к., доцент У.А. Сопуевдин билдирүүсү 2019-2020-окуу жылы үчүн МИТ факультетинин колледж, бакалавр жана магистрдик программалары боюнча тандоо курстарын бекитип берүү сунушу боюнча.

Окумуштуулар Кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

2019-2020-окуу жылы үчүн МИТ факультетинин колледж, бакалавр жана магистрдик программалары боюнча тандоо курстарынын тизмеги жактырылсын жана 2019-2020-окуу жылы үчүн бекитилсин.

б) Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин информатика кафедрасынын доценти Абжапарова Уру Алибаевнаны Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйланууга көрсөтүү жөнүндө.

**Угулду**:

МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев билдирүүсү: Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин информатика кафедрасынын доценти Абжапарова Уру Алибаевнаны Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйланууга көрсөтүү жөнүндөгү сунушу менен кайрылган. Информатика кафедрасынын чечим бар. Кафедранын чечимин бекитип берүү жөнүндөгү сунушту киргизем.

*Ободоева Г.С. (Информатика кафедрасынын башчысы, доцент)*: Абжапарова Уру Алибаевна Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин информатика кафедрасында 2003-2004-окуу жылынан тартып улук окутуучу, доцент кызмат ордунда иштеп келген. Кафедранын, факультеттин жана университеттин деңгээлинде өткөрүлүүчү коомдук иштерге активдүү катышат.

2004-2010-жылдары факультеттин аялдар кеңешинин төрайымынын милдетин аткаруу менен факультетте бир нече иш-чараларды алып барды.

1997-жылдан бери илимий иштер менен иштеп келе жатат жана илимий докладдары менен эл аралык, республикалык, окуу жайлар аралык практикалык конференцияларга, илимий семинарларга катышып келүүдө. Илимий макалалардын, 1-окуу методикалык колдонмонун, 7 окуу куралдын автору, анын ичинен 2 окуу куралы «Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу куралы катарында сунушталган» деген грифи менен басмадан чыгарууга уруксат берилген.

Негизги илимий-изилдөө тематикасы–маалыматтык технологиянын дидактикалык негиздерин түзүү боюнча лекциялардын топтомдорун, практикалык иштердин жана лабораториялык жумуштардын иштелмелерин даярдаган жана

окуу методикалык комплекстерин иштеп чыккан. Сабакты жаңы технологияны пайдалануу менен жогорку илимий-усулдук деңгээлде өтөт.

Мен, У.А. Абжапарованы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйланууга татыктуу деп эсептейм.

Факультеттин Окумуштуулар кеңеши бул маселени талкуулап, төмөнкү токтомду бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ:**

1. Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин информатика кафедрасынын доценти Абжапарова Уру Алибаевнаны Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасын» алууга сунушталсын.
2. Бул токтомдун аткаруу жагы ОшМУнун ректоратынан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.